**2013-жылдын 1-июнундагы № 87 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

## «Дене тарбия жана спорт жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу

2013-жылдын 18-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1 - берене.** «Дене тарбия жана спорт жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., № 5, 261-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоо киргизилсин:

**1.** 3-статьянын үчүнчү абзацында "параолимпиадалык" деген сөз "паралимпиядалык" деген сөз менен алмаштырылсын.

**2.** 6-статья төмөнкүдөй мазмундагы он экинчи – он төртүнчү абзацтар менен толукталсын:

«-Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте дене тарбия - ден соолукту чыңдоо жана спорттук багыттагы коомдук бирикмелерди аккредитациялоо;

-белгиленген тартипте спорттун түрлөрүнүн жана спорттук дисциплиналардын Улуттук реестрин жүргүзүү;

-эл аралык спорттук мелдештерде Кыргыз Республикасынын атынан чыгуучу жогорку квалификациялуу спортсмендерди уюштуруу жана даярдоо маселелери боюнча дене тарбия – ден соолукту чыңдоо жана спорттук багыттагы расмий коомдук бирикмелердин ишин координациялоо жана контролдоо.».

**3**. 8-статьянын 3-бөлүгүндөгү « жана контролдогон» деген сөздөр алып салынсын.

**4.** 11-статьяда:

аталышындагы жана 1-бөлүгүндөгү “Параолимпиадалык кыймыл” жана “Параолимпиадалык оюндарга” деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша “Паралимпиадалык кыймыл” жана “Паралимпиадалык оюндарга” деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-бөлүгүндөгү “параолимпиадалык” деген сөз “паралимпиадалык” деген сөзгө алмаштырылсын.

**2- берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**3-берене.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып үч айлык мөөнөттө Спорттун түрлөрүнүн жана спорттук дисциплиналардын Улуттук реестрин жүргүзүүнүн тартибин бекитсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**